**КОНЦЕПЦИЯ**
**«КЫРГЫЗСТАНДА ЧОҢДОРГО БИЛИМ БЕРҮҮ ДЕКАДАСЫ – 2025»**

## КИРИШ СӨЗ:

Чоңдор үчүн билим берүү жана окутуу тармагында иш алып барган уюмдар Кыргыз Республикасында жыл сайын жалпы улуттук иш-чара — «Чоңдорго билим берүү декадасын» өткөрүшөт. 2025-жылы бул демилге беш жылдык маарекесин белгилеп, өмүр бою билим алууну өнүктүрүүнүн, чоңдор үчүн мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүнүн жана жамааттардын туруктуу өнүгүшүн камсыз кылуунун негизги улуттук платформасына айланды.

**Чоңдоргө билим берүү** — бул мектеп курагынан өтүп кеткен адамдар үчүн билимди, көндүмдөрдү жана компетенцияларды өнүктүрүүгө багытталган үзгүлтүксүз үйрөнүү процесси. Ал формалдуу, формалдуу эмес жана информалдуу окутуу формаларын камтып, кесиптик жана жарандык билим берүүдөн тышкары, тездик менен өзгөрүп жаткан дүйнөдө ийгиликтүү адаптацияланыш жана жигердүү катышуу үчүн зарыл болгон жеке жана социалдык көндүмдөрдү да өнүктүрөт. Чоңдорго билим берүү экономикалык туруктуулукту колдоодо, аялуу катмарлардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүдө, заманбап чакырыктарга ыңгайлашууда, жарандык активдүүлүктү жана инклюзивдүү коомду чыңдоодо өзгөчө мааниге ээ.

Билим берүү декадасы — бул 10 күн ичинде өлкө боюнча өтүүчү окутуу, маалымат берүү, маданий жана коомдук мааниге ээ иш-чаралардын жыйындысы. Демилгенин максаты — чоңдор үчүн билим берүү тутумунун өнүгүшүнө көмөктөшүү, калктын ар кандай катмарларынын билим алууга катышуусун дем берүү жана билим берүү провайдерлери менен кызыкдар тараптар ортосунда кызматташууну бекемдөө.

## 2025-ЖЫЛДАГЫ ДЕКАДА ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ:

2025-жылы декада **«Жашоо үчүн көндүмдөр. Келечек үчүн билим»** деген ураан алдында өтөт. Бул ураан чоңдор үчүн билим берүүнүн актуалдуу маселелерди чечүүгө кошкон салымын баса белгилейт.

Декада **2025-жылдын 29-сентябрынан 8-октябрына чейин** Кыргызстандын борбору Бишкек шаарында, ошондой эле өлкөнүн бардык региондорунда — Ош жана Баткен облустарында, Чүй, Ысык-Көл, Талас, Жалал-Абад, Нарын облустарында өткөрүлөт.

**2025-жылдагы маанилүү жаңылык — тышкы катышуучуларга: уюмдарга жана демилгечи топторго Декаданын алкагында өз алдынча билим берүү иш-чараларын өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берилет.** Бул форматтардын, темалардын жана географиянын кеңейишине шарт түзүп, чоңдордун билим алышын өнүктүрүүгө кызыкдар жаңы өнөктөштөрдү жана катышуучуларды тартууга өбөлгө түзөт.

## ДЕКАДАНЫН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ:

- Чоңдор үчүн билим берүү жана окутууну жеке жана коомдук өнүгүүнүн ресурсу катары жайылтуу;
- Аймактарда билим алуу мүмкүнчүлүктөрүнө жеткиликтүүлүктү кеңейтүү;
- Инклюзивдүү, санариптик жана экологиялык билим берүү демилгелерин колдоо;
- Мамлекеттик мекемелер, бейөкмөт уюмдар жана билим берүү уюмдары ортосунда өнөктөштүктү чыңдоо;

- Формалдуу эмес жана өмүр бою билим алууга кызыгууну жогорулатуу;

**НЕГИЗГИ БАГЫТТАР:**

Декада чоңдор үчүн билим берүү тармагындагы актуалдуу маселелерге жана артыкчылыктарга көңүл бурат. Негизги темалар төмөнкүлөр:

- Туруктуу жана өз алдынча коомдор үчүн көндүмдөрдү өнүктүрүү
- Инклюзивдүү жана гендерге сезимтал билим берүү
- Санариптештирүү жана инновациялар
- Андрагогиканын өнүгүшү жана билим берүү тажрыйбасын бөлүшүү
- Экологиялык билим берүү жана «жашыл» көндүмдөр
- Чоңдордун каржылык сабаттуулугун жогорулатуу

**ӨНӨКТӨШТҮК ЖАНА КООРДИНАЦИЯ:**

2025-жылы өтө турган Чоңдорго Билим берүү Декадасынын уюштуруу комитетинин курамына төмөнкү уюмдар кирди:
· DVV International уюмунун Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгү
· Кыргызстандын билим берүүсүн өнүктүрүү ассоциациясы (АРОК)
· Чоңдорду окутуу боюнча Кыргыз ассоциациясы (КАОВ)
· Маалыматтык-ресурстук борборлор (МРБ)
· Билим берүү боюнча инновациялык технологиялар борбору (ЦИТО)
· "Cheber-көндүмдөрдү өнүктүрүү" долбоору

**КАТЫШУУ ФОРМАЛАРЫ:**

Уюштуруу комитети кызыкдар тараптарды төмөнкү форматтардын биринде активдүү катышууга чакырат:

**1. Декаданын алкагында өз алдынча иш-чара өткөрүү**

Эгерде сиз 2025-жылдын 29-сентябрынан 8-октябрына чейин окутуучу иш-чара (тренинг, воркшоп, талкуу, квиз ж.б.) өткөрүүнү пландап жатсаңыз, анда тиешелүү форма аркылуу арыз калтырууну суранабыз. Сиздин иш-чара расмий программага киргизилет.
[Иш-чараны каттоо формасына шилтеме – Инстаграмдагы DVV International баракчасындагы профилдеги Форма 1]

**2. Колдоого муктаж идея же демилге жөнөтүү**

Эгерде сизде билим берүү багытындагы идея же демилге болсо, бирок аны ишке ашырууга ресурс жетпей жатса, анда сунушуңузду жөнөтө аласыз. Уюштуруу комитети колдоо көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгат.
[Демилге жөнөтүү формасына шилтеме – Инстаграмдагы DVV International баракчасындагы профилдеги Форма 1]

Чоңдорго билим берүү Декадасы — бул ачык платформа, ал үзгүлтүксүз билим алууну жайылтуу маданиятын чыңдоого, жарандык катышууну колдоого жана туруктуу жамааттарды өнүктүрүүгө багытталган биргелешкен аракеттер үчүн түзүлгөн. Республика боюнча өтүп жаткан бул демилгеге кошулуңуз жана ар бир адам үчүн, өмүр бою билим алууга мүмкүнчүлүк түзүү кыймылынын бир бөлүгү болуңуз

*Тарыхый маалымат*

*1990-жылдардан тарта чоңдорго жана жаштарга багытталган кошумча/формалдуу эмес билим берүү тармагында программаларды жана ийгиликтүү тажрыйбаларды жайылтуу, кызыкчылыктарды илгерилетүү максатында «апталык» форматтагы иш-чаралар көптөгөн өлкөлөрдө жана эл аралык деңгээлде кеңири жайыла баштаган.*
*Европада формалдуу эмес билим берүүгө көңүл бурган биринчи чоң масштабдагы иш-чаралар 1992-жылы Улуу Британияда өткөрүлгөн. Бул тажрыйба АКШдагы билим берүү фестивалдарынын негизинде иштелип чыгып, Улуу Британиянын шарттарына ылайыкташтырылган.*
*Кийинки бир нече жыл ичинде бул идея Австралия, Ямайка (1995), Түштүк Африка, Бельгия, Словения, Швейцария (1996) сыяктуу өлкөлөргө жайылып кеткен. 1998-жылдан баштап Чоңдорго билим берүү апталыгы дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө формалдуу эмес билим берүү программаларын таанытуунун жана өмүр бою билим алуу идеясын жайылтуунун салттуу формасына айланган.*

*Кыргызстанда чоңдорго билим берүү маселелерине арналган декада жана апталык форматындагы иш-чараларды өткөрүү тажрыйбасы 2021-жылдан тарта калыптана баштаган.*
*Бул демилге өмүр бою билим алуу концепциясын илгерилетүү, формалдуу эмес билим берүүнү популярдаштыруу жана чоңдордун билим берүү процесстерине кеңири катышуусун камсыз кылуу зарылчылыгынан улам пайда болгон.*

*Ар жылдагы декада белгилүү бир темалардын алкагында өткөрүлүп, чоңдорду билим берүүдөгү актуалдуу маселелерге жана артыкчылыктарга багытталган:*

1. ***2021-ж. –** «CONFINTEA VII жолунда»*
2. ***2022-ж.** – «Чоңдорго билим берүүдөгү жаңы тенденциялар жана чакырыктар»*
3. ***2023-ж.** – «Тарыхый негиздер жана заманбап ыкмалар»*
4. ***2024-ж.** – «Чоңдорго билим берүү — жыргалчылыкка жол»*

***2025-жылы** бул демилге **«Жашоого керектүү көндүмдөр. Келечек үчүн билим»** урааны менен уланууда жана өлкө боюнча ар кандай уюмдарды, коомдорду жана активисттерди бириктирип жатат.*